**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезектүү №3 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

28.09.2023 ж.

**Төрага: А.К. Кайыпов**
**Катчы: Курманбек кызы Айзирек**
**Катышкандар: 20**

***Отулуучу жай: ХДТ кафедрасы 412ауд.***

**Күн тартиби:**

1. **2023-2024-окуу жылынын күзгү семестрине кафедранын дисциплиналары боюнча экзамендик тест суроолорун бекитүү.**
2. **Илимий ийримди (Юнный хирург) талкуулоо.**
3. **Практиканын иш планын талкуулоо жана бекитүү.**
4. **Кафедранын окутуучусу Гаипова А.А.нын 25.09.2023 күнү өтүлгөн ачык сабагын талкулоо.**
5. **Ар түрдүү маселелер:**
   1. Студенттердин калдык билим деңгээлин текшерүү үчүн тесттик суроолорду бекитүү.

**1. Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович** быйылкы күзгү семестрде 4-курс факультетдик хирургия дана 5- курс урология предметтеринен экзамен болот, ошондуктан экзамендик суроолорду кредитке жараша түзүп, тестологдон бекитип ОшМУтест порталына жүктөңүздөр.
Ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү боюнча карап чыгышып, отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат.

**2. Угулду.** Кафедранын илимий ийрим боюнча жооптуусу Курманбаев Нуржигит Адашканович сөз берди. Курманбаев Н.А. илимий ийримдин иш планын презентациялады жана иш пландар түзүлүп, жыл ичинде аткарыла турган илимий иш чаралар аныкталды. Отурумдун катышуучулары илимий ийримге жетекчилерди кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович,** к.м.н., доцент Жунусов А.Т., ага окутуучу Саид Али Аббас Рахатты дайындашты жана жакшы окуган, ийримге катышкысы келген студенттердин тизмесин түзүштү.Отурумдун мүчөлөрү кафедранын илимий ийрим иш чарасы боюнча талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

**3. Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович** кафедранын жыйынында өндүрүштүк практиканын иш планы менен тааныштыруу үчүн сөздү өндүрүштүк практика боюнча жооптуу Абдирайимов Искендербек Султаналиевичке берди. Абдирайимов Искендербек 3-курс, VI-семестрдеги өндүрүштүк практика боюнча алга коюлган максаттары жана РК, ПКлары менен тааныштырып , окуу методикалык комплекси 5 жылдык негизги билим берүү программасынын негизинде түзүлгөнүн билдирди. Отурумдун мүчөлөрү өндүрүштүк практиканын окуу методикалык комплекси менен таанышып төмөндөгүдөй чечим кылат.

Сканировано с CamScanner

4. **Угулду.** Кафедра башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Кайыпов А.А.: Ачык сабак студенттер үчүн эле эмес, келгендер үчүн да кызыктуу болду. Сабактын этаптары планга ылайык жүргүзүлүп, командалык иш болуп, анда окуучулар өздөрүн көрсөтүп, сабактын бардык этаптарына активдүү катышып, теманы кызуу талкуулашты.
PhD, улук окутуучу Саид Али Аббас Рахат сөз сүйлөдү: Көрсөтүлгөн материалдарды колдонуу студенттердин мугалим менен гана эмес, бири-бири менен дагы активдүү өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берди. Сабак темага жана максаттарга ылайык келет. Бул сабактын максаты ишке ашты, коюлган милдеттер толугу менен ишке ашты.
Сунуш пикирлер менен отурумдун мүчөлөрү чечим кылат.

5. **Угулду.** Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төмөнкүлөргө токтолуп өттү: завуч А.А. Кайыпов студенттердин калдык билимдерин текшерүү үчүн анестезиология-5 курс, хирургия-5курс, хирургия 4-курс, офтальмология 4-курс, оториноларингология 4-курс предметтеринен тест алууну айтып, сөздү кафедранын ОМК боюнча жооптусу Курманалиев Нурлан Камбаралыевичке сөз берди. Нурлан Камбаралыевич жыл сайын студенттердин калдык билимдерин текшерүү Google формасы аркылуу алынат, бул жылы да суроолорду түзүп Google формасы аркылуу алууну сунуштады, тестти өткөрүп көзөмөлдөөгө кафедрадан бир адамды жооптуу кылууну сунуштады. Кафедранын мүчөлөрү бир добуштан колдошуп чечим кылат.

**Чечим:**

1. **Кафедранын ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитилсин. Кафедранын ОМК боюнча жооптуусу Н.К.Курманалиевге жүктөлсүн, түзүлгөн график боюнча ачык сабактар жана өз ара сабактар белгиленген мөөнөттө график боюнча өтүлсүн.**

2. **Кафедранын илимий ийрим иш чараларын кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович, доцент Жунусов А.Т., ага окутуучу Саид Али Аббас Рахат, жетектесин. Илимий ийримди уюштуруу, студенттер менен иш алып баруу Курманбаев Нуржигит Адашканович жана Маткасымова Гулшат Алтымышовнага милдеттендирилсин.**

3. **2023-2024 окуу жылы үчүн 3-курс, VI-семестрдеги өндүрүштүк практиканын окуу методикалык программасы 5 жылдык НББПнын негизинде түзүлүп, бекитилсин. Кафедрадагы өндүрүштүк практиканын жооптуулары тиешелүү иштерди алып барууга милдеттендирилсин.**

4. **Окутуучу Гаипова А.А. ачык сабак өтүлдү деп эсептелсин, кемчилдиктери жумуш үстүндө эс алынсын.**

5. **Студенттердин калдык билимдерин текшерүү Google формасы аркылуу алынсын. Тестти өткөрүп көзөмөлдөөнү кафедранын УМСнин жардамчысы А.А. Гаиповага милдетендирилсин.**

***Кафедра башчысынын милдетин***
***убактылуу аткаруучу:*** ***А.А.Кайыпов.***

***Катчы:*** ***Курманбек к А.***

Сканировано с CamScanner